# Нарын облусу боюнча маалыматтар

(Даярдаган: Нарын облустук С. Орозбаков атындагы информациялык китепкана тармагы)

Нарын облусу Республиканын борбордук жана түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан. 1939-жылы түзүлгөн (Тянь-Шань атында). 1962-жылы жоюлуп, кайра 1970-жылы уюшулган. 1988-жылы Нарын жана Ысык-Көл облустары биригип, 1991-жылы кайра өз - өзүнчө бөлүнгөн.

Облустун аймагы бийик тоолу келип, эн жапыз жери дениз денгээлинен 1500м (Жумгал өрөөнүндө). Эн бийик жери 5982м (Какшаал тоо тизмегиндеги Данков чокусу). Түндүк-чыгышынан Ысык-Көл облусу, түндүгүнөн жана түндүк батышынан Чүй облусу, батышынан Жалал-Абад облусу, түштүк-батышынан Ош облусу, түштүк, түштүк-чыгышынан Кытай мамлекети менен чектешет. Облуста беш админитсрациялык район (Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын), бир шаар (Нарын), эки шаарча (Достук, Мин-Куш), жүз отуз сегиз айыл бар. Облустун аймагынан Эл аралык маанидеги Бишкек-Торугарт автомобил жолу өтөт жана Нарын дарыясы агат. Облустук аянты 45,2 мин км$^2$. Калкы 263,1 мин. Борбору Нарын шаары.

## ТАБИЯТЫ.

Нарын облусу — татаал рельефтүү тоолуу район. Аймагынын 70%тин кыргка тоолор ээлейт. Алардын ирилери: Тескей Ала-Тоо, Торугарт, Жетим, Ат-Башы, Көккыя, Байбиче, Жаны жер жана башка эсептелинет. Тоо капталдары терен капчыгайлуу, өрөөндөрү жана ойдундары суулар менен тилмеленип, түзөн бөлүктөрү агынды тектердин калын катмары менен капталган. Дыйканчылык үчүн тоо аралык өрөөндөрдүн түздүктүү тамандары, негизинен Кочкор, Жумгал, Нарын, Алабуга, Ат-Башы, Кара Коюн өндүрүүлөрү пайдаланылат. Тоолор менен бийик өрөөндөр мал жайыттары болуп саналат. Нарын облусунда суу ресурсу мөнгү жана түбөлүк кар түрүндө өтө көп топтолгон. Нарын облусу ошондой эле ар түрдүү геологиялык структуралык, гидрогеологиялык, геохимиялык шартта пайда болгон ысык жана минералдуу сууларга бай. Жер астынан кайнар булак болуп чыккан минералдуу жана ысык суулар Ат-Башыда, Чатыр-Көлдө, Сөн-Көлдө, Алабуга — Нарын артезиандык суу алабында бар. Облустун аймагында көптөгөн ар кандай кендер белгилүү. Азыркы мезгилге чейин кара, түстүү, сейрек жана балуу металлдардын, таш көмүрдүн, курулуш материалдарынын, химиялык сырьелордун, асыл жана кооз таштардын кендери табылган.

Нефть менен газ чыгуучу жерлер Ак-Талаа жана Ат-Башы райондорунда белгилүү. Нарын аймагында нефть менен газдын 75-140 млн. тонна запасы бар экендиги аныкталган.

Облустун аймагында эки бийик толу көлү — Сон-Көл Жана Чатыр-Көл орун алган. (3000 мин метрден жогору бийиктикте).

Облустун аймагынын бийик тоолуу жана рельефинен татаал болушу мындагы өсүмдөктөр дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгүнө шар түзөт. Төмөнкү типтерге бөлүүгө бөлөт: чөл өсүмдүктөрү, тикендүү жер жаздык, талаа өсүмдүктөрү, шалбаа, саз, тоо тундрасы, криофильдүү жер жаздык, токой жана бадалдар.

Облустук аймагы бийик тоолуу келип, табигый чөйрө шарттары ар түрдүү. Ошого жараша мындагы жаныбарлар дүйнөсү дагы өтө ар түркүндүүлүгү менен айырмаланат. Мындагы жан-жаныбарлар бийик тоонун өзгөчө табигый шартына ылайыкташкан. Куштардын түрлөрү бир кыйла көп, алар: улар, кызыл жана сары тумшук чөкө таандар, балта жутар же көк жөрү, бүркүт, аска көгүчкөнү, кыш куйрук, думбул, аладунган, мукур, чыйпылдак, каракаш торгой, эрсынар ж.б. Сүт эмүүчүлөрдөн: аркар, тоо эчки, суур, илбирс, карышкыр, аюу, арыс чычкан ж.б. мекендейт. Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, көбөйтүү жана аларды чебер пайдалануу азыркы өктөм талаптардан болуп калды.

## КАЛКЫ.

Облустун калкы 20-кылымдын 30-жылдарына чейин көчмөн болушкан. Калк негизинен табигый жол менен көбөгөн, бирок анын өсүшү бир кыйла кылка болгон эмес. Табигый шартынын катаалдыгы, көчмөнчөлөк учурдагы социалдык тиричилик кыйынчылыктары, жоопкерчилик жашоо, жайдыр-кыштыр боз үйдөгү турмуш саламаттык сактоонун өнүкпөгөндүгү, жаш балдардын өлүмүнүн көп болушу, колониялык саламаттыктын катуулугу мунун бары калктын табигый өсүшүнүн төмөндүгүн шарттаган. 1916-жылык улуттун бошотондук көтөрүлүш учурунда облустун жалпы калкы а.н. Кочкор, Жумгал, Нарын райондорунун калкы абдан азайган. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында, граждандык согуш, отурукташуу жана колхоздоштуруу маалында калктын өсүшү анчалык болгон эмес. 1942-45-ж.ж. согуш учурунда бойго жеткен эркектердин дээрлик бары согушка же курулуш иштерине чакырылып, балдардын төрөлүшү абдан азайган. Облустун калкы бир жолу 1926-жылы өлкө боюнча жүргүзүлгөн эл каттоодо эсепке алынган. Ошондон бери такай калк катталып турат.

Облустун калкы акыркы 70-жылда 25,8 эсе көбөйгөн, калктын жыштыгы 3 эсе өскөн. Нарын шары жалпы облустан айырмаланып көп улутту. Алар: кыргыз, өзбек, орус, уйгур, дунган, татар, казак, украин.

Калктын табигый өсүшү 1940-жылга салыштырганда 2,7 эсе көбөйгөн, бирок 1979, 1984 жана 1990-жылдарга салыштырганда абдан эле азайып кеткен. Буга себеп азыркы жылдарды облуста башка жакка көчүп кетип жаткандардын саны өсүүдө. Өзгөчө Ат-Башы, Ак-Талаа, Жумгал райондорунда миграция күчтүү.

## ТАРЫХЫ.

Байыркы таш доорунун адепки баскычынан бери Нарын жергесин байыртадан алгачкы жамаат адамдары катаал табигый шарттарга биргелешип жашоо аркылуу гана туруштук бере алышкан. Жаны таш доору (неолит, б.з.ч 6-3 мин жыл) мезгили да Нарын дайрасынын өрөөнүнөн жана ага коншулаш аймактардан табылган археологиялык табылгалар боюнча илимге дайын. Борбордук Теңир-Тоонун түн чыгышында Сары-Жаз өрөөнүндөгү Ак-Чункур үнкүрүнөн жошо менен тартылган кишинин, тоо текелердин, буканын, жыландардын сүрөттөрү, күндү аздектөөчү символдук белги, ал эми үнкүрдүн таманынан байыркы таш куралдары табылган.

Нарын аймагында коло дооруна (б.з.ч.2-1 мин жыл) таандык да ар кыл эстеликтер табылган. Ушул мезгилден тартып мал чарбачылыгы Нарын өрөөнүнүн калкынын укумдан-тукумга ыраатуу өткөн негизги чарба тармагына айланып, дыйканчылык болсо, жака белдеги кошумча гана тармактык дешгээлде өнүккөн. Дал ошол доордун рухий дүйнөсү кенири чагылдырган Саймалы-Таш аска сүрөттөрү дээрлик 10 гектар аймакты ээлейт.

Нарын аймагыны кийинки тарыхы Усун мамлекети (б.з.ч. 2 к — б.з. 5 к) менен байланыштуу. Кытайлык булактарда: «Усундар дыйканчылык менен да, багбанчылык менен да кесиптешпейт. Алар суунун жана жайыт отунун ыңгайына карап мал жаны менен бир жерден экинчи жерге конуп көтөрүп көчүп жүрүшөт» - деп баяндалган.

Улуу жибек жолунун пайдубалы төшөлгөн биздин заманга чейинки 2-кылымдан тартып Нарын аймагы ар кыл эл аралык соода алакаларынын таманында жайгашып калган. Маселен Нарын усулдар түштүк жана түштүк чыгышында Кашкар (Суле), Жаркент (Сонзуй), Куча (Цзуцзы, азыркы кырайга аталышы — Цин) сыяктуу өлкөлөр менен, батышта-чыгыш ферганалык Дагаан жана андан түндүгүрөөк Кангүй (Кангы) мамлекети менен соодо алакаларынын жолун ээлеп турган.

Орто кылымдын алгычкы мезгили аттуу шарттуу аталган доор Нарын өрөөнүнүн саясий тарыхында Түрк кагандыктары бийлеген мезгил катары дайын. Нарын өрөөнү бул кагандыктын батыш канатына таандык болгон улуу Түрк кагандыгы доорунан Чон Коо, Таш-Төбө, Беш-Таш-Коргоо сыяктуу көрүстөндөр сакталып жетти. Батыш Түрк жана Түргөш кагандыктары доорлоруна (6-8к) таандык

көрүстөндөр Нарын өрөөнүндөгү Ала-Мышык, Балта-Бейит, Бел-Саз, Беш-Таш-Коргоо, Сүттүү-Булак, Таш-Төбө, Туура Суу сыяктуу жерлерде табылган. Академик В.В.Бартольд 1893-жылы жазып калтыргандай, табылган таш балбалдардын бири Атбашы кыштагынын батыш этегинде жана Талдысууда табылган.А.К Кибиров Туурасуу, Каракужур, Суусамыр аймактарынан балбал тапса, Я.А.Шер Сонколдогу балбалдарды иликтеген. К.Табылдиев Эчки-Башы, Чункурсуу балбалдарын тастыктады.

Караханиддер доору 10-кылымдын ортосунда жалпы Тенир тоо аймагында, анын ичинен азыркы Кыргызстандын чөлкөмүндө, Өжаны ири мамлекет. Караханиддер кагандыгы пайда болду (940-1212). Аны бир кезде карлуктар менен чигил элинин төбөлдөрү негиздешкен. Мамлекеттин башчысы Сатык Буура каган ислам динине биринчи болуп өткөн бийлик ээси катары маалым. Ал өлгөн сон тактыга келген уулу Байташтын маалында 960-жылы ислам дини Караханиддердин мамлекеттик тилине айланган. Дал ошол доордон тартып Нарын аймагында мусулмандык салт расмий тарай баштайт. Караханиддердин тушунда Нарын аймагында отуруктаШуу тездеп жүрүп,бир катар шаарлар пайда болгон.

12-кылымдын 28-30-жылдары Тенир Тоо аймагы түндүк кытай тараптан келген монголдорго тектеш кытан (кидан) элинин бир бөлүгүнүн таман астында калды. Найман жана монгол чапкындары Нарын аймагындагы калыптанып калган отуруктаШкан маданияттын очокторУ үчүн оор сокку болгон. Дал ушул кылымда Тениртоого Эне-Сайлык кыргыздардын дагы бир агымы келип кошулган.

Кыргыздарга тышкы агрессиянын азайышы 16-кылымда Тенир тоо чөлкөмүндөгү урууларынын мекендеп келишкен жерлерине түбөлүк ээлик кылып калышына шарт түзгөн. 16-кылымда ички Тенир тоо аймагы сарбагыш, саяк, тынымсейит, черик, моноЛдор сыяктуу ири уруулардын мекени болуп калган.

17-кылымдын 30-жылынан баштап Тениртоо кыргыздарына жаны душман чыгышта күчтөнүп, саясий аренага чыкты. Ал Жунгар хандыгы болгон. Тарыхта Жунгар хандыгын кыргыздар калмактар деп атаган. Алай, Гисар, Фергана өрөөнүнө жер көтөргөн Тенир тоолук кыргыздар өзбек, кыпчак элдери менен бирдикте калмактардын баскынчылыгынан каршы күрөшкөн. Тенир тоолук кыргыздар кайра өз мекенине 1758-жылы калмак ээлиги урагандан кийин көчүп келишкен. Калмактардын зомбулугунан кутулганы менен Тенир тоолук кыргыздарга 17-кылымдын экинчи жарымынан тартып Цин империясы көз арта баштаган. 17-кылымдын 60-жылдарында Тенир тоолук кыргыздарда өз элчилерин Бээжинге жиберишип, калмактар ээлеп келген жерлерин кыргыздарга кайра ыйгаруу талаптарын коюшкан.

Ал эми 17-кылымдын 70-80 жылдарында тенир тоолук кыргыздар менен казактардын мамилеси солгундай баштаган. Натыйжада тенир тоо аймагында Көкжал, Барак, Абылай хандар жортулга аттанышып, аларга каршы кыргыздар биригишкен.

19-кылымдын 20-30жылдарында тенир тоолук кыргыздар Кокон хандыгына бириктирилген. Тенир тоо кыргыздарынын Кокон хандыгына бириктирилиши Цин империясынын баскынчылык журуштορун ооздуктап турган. 1814-1816 жылдагы кыргыз бийи Турдумаматтын жана уйгурлардын башчысы Зияведдиндердин кыймылын тенир тоолук кыргыздар колдошкон. Кытай төбөлдөрү бул кыймылды ырайымсыздык менен баскандан кийин,көтөрүлүшчүлөрдүн кыйласы тенир тоого качып кетүүгө аргасыз болушкан. 1820-жылы жайында Жаангер кожо өзүнүн жакын адамдары менен Кокондон качып Тениртоого келген. Цин империясынын төбөлдөрү Жаангер кожону туткундоо, кыргыздарды жазалоо учун генерал Баян Бату жетектеген аскерлерин Ички Тенир Тоодогу кыргыздарга жиберген. Бул кабар кошуна айылдардагы Тайлак Баатырга жетип,ал кол курап, душманды куугунтукка алат.

Тенир тоо чөлкөмүн каратып алууга Оруссия империясынын төбөлдөрү кызыгышкан, анткени Тениртоо аркылуу Кашкарга түз жол ачылмак. 1863-жылы 3-

майда Проценко баштаган «Кашкар отряды» тенир тоону көздөй аскердик жүрүшкө аттанган. Орус кошуунуна каршы Умөтаалы Ормон уулу баш болгон кыргыздар турушуп 19-июнда алар Эки-Чат деген жерде подпорупчик Зубяровдун кошуунуна кол салышат. Буга чейин 2-3 мин жигиттен турган Умөтаалынын колу Нарын дайрасындагы көпүрөнү да бузуп салышат. Бул аскердик жүрүштөн сон Тениртоо чөлкөмүндөгү черик уруусунун башчылары 1863-жыл 13-октябрда Омбу империясына барып орусияга баш ийгендиги тууралуу ант кабыл алышкан Умөтаалы орус бийлигине аргасыз багынып берген. Ал эми Осмон Тайлак уулу багынып берүүдөн баш тартып, Чыгыш Түркстанга өтүп кеткен. Орусия империясы жаны каратып алган жерине жаңы башкаруу тартибин киргизген. Административдик аймактык жаны бөлүнүүлөрдү уюштурган.

1877-жылы декабрда Кытайдан дунган качкындары Нарынга да келишип, аларга кыргыздар ар түрдүү жардамдарын беришкен. Кытай менен Орусиянын мамилелеринен улам жолдор салынып, араба жүрүүгө ыңгайлаштырылган. 1880-жылдан баштап, Нарынга дейре почто жолу иштей баштаган. Ар кандай максат менен Тенир Тоо чөлкөмүно орусиядан саякатчылар келишип, айрым изилдөөлөрүн жүргүзүп турушкан. Алардын Тенир Тоо тууралуу жазгандары илимий журналдарга, Түркстан чөлкөмүндө чыгуучу гезиттерге басылган.

19-кылымдын экинчи жарымында Нарын тарапта сабаттуу адамдар бирин - серин гана болсо, 20-кылымдын башынан тартып саны көбөйө баштаган. 1914 жылы Куртка да жаны усулдук мектеп ачылып, анда 30га жакын бала окуган. 1911-жылы Жумгалда «Курмандын мектеби» деген мектеп ачылып, ал учун 10 бөлмөлүү имарат курулган. 1905-жылы жалпак мектеп Атбашыда ачылган. Нарында коммуна мектеби уюшулуп ага 40ка жакын бала окуй баштаган.

19-кылымга чейин Тенир-Тоо чөлкөмүндөгү кыргыздын ден соолугуна элдик табыптар кам көрүп келишсе, 19-кылымдын экинчи жарымында 1968-жылы Нарында аскер бейтапканасынын ачылышы менен айрым орус дарыгерлери келе баштаган.

20-кылымдын башында пайдышачылыктын колониялык саясаты тенир тоодо да күчөгөн. Көчүп келишкен орус келгиндери сугат жерлерди, жолдун бойлорун ээлешип, мал айдаган кыргыздардан жол акысын доолап турушкан. 1912-жылы Жумгал өрөөнүндөорус дыйкандарынын кыштактары, ээлеген жерлери болгон. Кыргыздардын жерлерин тартып алуу,өзүлөрүн тоо арасына сүрүп чыгаруу иш чаралары 1916-жылкы улуттук боштондук көлтөрүлүшкө чейин эле тымызын ишке ашырыла берген. 1916-ж. 25-июнда падышанын 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектерди согуштун кара жумушуна чакырган жарлыгы чыдамы кетип, аран турган элдин жарылышына алып келген. (1916-жылкы көтөрүлүш).

1917-жылы февраль айындагы төнкөрүшкө падыша бийликтен куулганы менен коомдук түзүлүш түп тамырынан бери өзгөргөн эмес. 1917-жылы март айынан экинчи жарымында Нарында солдаттар депутаттарынын Кенеши түзүлгөн. Кенештин курамында, анын президиумунда монархиялык тузулушту жактаган офицерлер шаарда жашаган кулактар кирген. Петрограддагы октябрь төнкөрүшүнүн таасири 1918-жылы февраль айында Нарынга аран жетип,ушул эле айда Нарындагы Аскер горнизонунда митинг болгон.1918-жылдын биринчи жарымында эле Нарында Кызыл Армия курала баштаган. Жергебиздеги элдин абалы оор бойдон кала берген. 1916-жылдагы улуттук боштондук күрөштө Кытайга качкан элдин айрым бөлүгү кайра өз жерине кайтса, көпчүлүгү келиштен дагы эле чочулаган. ТенирТоо чөлкөмүндөгү айрым өзгөрүүлөр айрым орус кулактарын, офицерлерин тынч жаткырбаган. 1920-жылы 5-ноябрда мурдагы падышалык офицер,токмоктук кулак Д.Кирьянов жана Нарындык кулак К.Бондарев жетектеген отряд Ат-Башыдан Нарынды көздөй аттанышып,козголон уюштурушкан. Д.Кирьянов чек ара толкун жетектегендиктен, аларды Нарында октябрь төнкөрүшүнүн 3 жылдыгын майрамдаганы барасынар деп алдап, жолдон Кенеш бийлиги кулады деген ушак таратып,полктун саясий жетекчилерин туткундаган. Уезддик - шаардык партия

комитетинин төрагасы Х.Мусабаевди, уездик-саясий бюронун (ЧКнын) төрагасы С.Орозбековду өлтүрөт. . Нарындагы козголонду басууга 13-ноябрда Токмок шаарынан чыккан экинчи өзгөчо полк менен 4-туркмон полку чыгып, 14-15-ноябрда Шамшы ашуусунун жанында Кочкор өрөөнүнүн чыга беришинде козголончулар менен катуу салгылашат. Ушул кармашта козголончулар женилип, Д.Кирьянов туткунга алынат.

1921-жылы 28-октябрда Нарын уездинин Кенешмесинин 1-сьезди болуп, ал кенештердин алдыдагы милдеттери,азык-тулук салыгы жөнүндө кедейлердин биримдүүлүгү жөнүндөгү маселелер талкууланып, чечимдер кабыл алынган. 1921-1922-ж.ж.башка аймактардай эле тениртоо аймагында да жер-суу реформасы жүргүзүлгөн. Анын негизги максаты жерди тендеп бөлүштүрүү болгон.

1924-жылы Кыргызстандын өзүнчө автономиялык облус болуп түзүлүп, анын курамында Каракол, Нарын, Бишпек, Жалал-Абад, Ош округтары болгон. 1926-жылы 6-декабрда ББАКтын Президиумунун чечими менен Кыргызстандын 7 кантонго (дубанга) бөлүнгөн. Нарын өзгөчө болуп Караколдон ажыратылган. 1927-жылдагы ВКП(б)нын 15-сьезди, 1927-ж. Кыргыз облустук партконференция Нарын дубанында да колхоздоштурууну ишке ашырууну милдеттендирген. 1932-жылы массалык коллективдуулугунун натыйжасында Нарын дубанындагы 19912 чарба 127 колхозго бириктирилген. 1937-жылы Тянь-Шань сугат башкармасы түзүлгөн. Натыйжада 1940-жылы Нарын дубанында 93,5 мин га жер айдалып, эгин эгилген. 1938-жылы Нарын дубанында 58 айыл Кенеши 19 райондук борбору менен телефон аркылуу байланыша алган.

Октябрь төнкөрүшүнөн кийин Нарын дубанынын маданий- агартуу иштеринде бир топ ийгиликтер жаралган. 1920-1921-ж.ж. Нарын уездинде 1 клуб, 4 китепкана, 3 чакан окуу залы, 4 боз үйдө окуу бөлмөсү, 1 киноаппарат, кыргыздардан турган 1 чакан элдик театр ондогон мектептер болгон. 1920-жылы Нарында тентиген балдар үчүн балдар үйү ачылып,анда 99 бала окуган. 1919-жылы Верныйда ачылган 6 айлык мугалимдер курсун Нарын чөлкөмүнөн А.Аралбаев, Ж.Чолпонбаев, А.Матеев ж.б бүтүргөн. Бул жылдары Нарын дубанында Абылкасым Жутакеев, Иманалы Бакеев сыяктуу агартуучулар эмгектенген.

1940-жылы августа 5 райондук клуб, 7 райондук жана шаардык китепкана, 60 кызыл үй, 103 мектеп китепканасы,638 радио точка иштеген. Тянь-Шань облусундагы 62 айылда 67 клуб мекемелери, 1 театр, 14 кино койгуч аппарат,162 орундуу 7 оорукана болуп, 25 врач, 121 мед кызматкер эмгектенген. 1940-41-ж.ж. Нарын дубанында 1136 мугалим эмгектенген. 167 мектепте 29,4 мин окуучу мектепте билим алган. 1937-38 ж.ж. сталиндик репрессияга дубандын 20% и коммунистери кабылган. Сталиндик репрессияга катардагы миндеген адамдар дагы кабылып, күнөөсүз сүргүндөлүп, өлүм жазасына тартылган.

1941-1945 жылдары Улуу Ата мекендик согушта Нарын калкы фронтко көптөгөн уулдарын жөнөтүп, тылда фронт үчүн зор эрдик менен эмгектенишкен. 1941 жылдын июнунан 1944-жылдын сентябрына чейин Кыргызстанда согушка 363144 жоокер чакырылса, алардын 7,6 % Тянь-Шань облусунан болгон. Фронтко облустан 4,3 мин ат, 89 автомобиль жөнөтүлгөн. Мындан сырткары облустун калкы фронттогу коргонуу иштерине 2207 мин сом, 1194 ц эт жиберишкен. Кызыл Армия фонду үчүн жана танка менен самолет курулушуна деп 11363 мин сом чогултулган. Жоокерлердин үй бүлөлөрүнө жардам иретинде 367319 мин сом, 36909 кг.азык -түлүк жөнөтүшкөн. Нарын дубанынын чакырылган жоокерлер фронттук баардык бөлүктөрүндө согушкан. Панфиловчулар Жаныбаев, Кадыров, Садабаев, Мамбетов, Токтомушевдердин эрдиктери элге даназаланган. Тянь-Шань обкомунун катчысы С.Жундубаев баштаган жоокерлер согуш талаасында болгон. Нарын дубанынын Д.Асанов, А.Чортеков Советтер Союзунун Батыры, М.Аубакиров, Н.Байтурсунов, У.Бейшеев Данк орденинин толук кавалери болуп катышкан.

Согуштан кийинки жылдарда Нарын чолкому ар тараптан өнүгүп өзгөрүүлөргө дуушар болгон. 1960-1961-жж. Облуста Пед окуу жайы, Айыл чарба техникуму, Мед.окуу жайы, Механизациялык жана айыл чарба курулуш мектептери ачылып, аларда 845 окуучу билим алган.1950-жылдардан баштап айылдагы электр станциялардын курулушу көбөйгөн.

1971-1975жж. Нарын облусунун өнөр жай продукциясы 3,7 эсеге өскөн.1976-1978жж.нарын облусуна өзгөчө көңүл бурулуп, облусту өнүктүрүүгө 140 млн.сом бөлүнүп берилген. Бул акчага жолдор оңдолуп, электр линиялары тартылып,сугат системалар курулган. Нарында муз.драм театр,мейманкана курулган.

1980-ж. башында облустун өнүгүшүндө сандык көрсөткүчтөр жакшы болгону менен, Кыргызстанды каптаган крезистик абалга облус да, кирептер боло баштаган. Кайра куруу жылдарында 1985-1990 ж.ж. Облустагы абал ого бетер начарлап, облус экономикалык жактан кайра курулбай эле, биротоло кыйроого кабылды.

Нарын облусу Кыргызстандын эгемендүүлүгүн алгандан берки аралыкта экинчи жашоосун баштады. Социалисттик принципте түзүлгөн экономика облустун баардык тармактарында жашоосун токтотту. Өнөр жай, айыл чарбасына тиешелүү маанилүү обьектилер 1992-жылдан бери менчиктештирилүүдө. Жер реформасы жүрүп, эл түбөлүктүү жер ээси болуп, эмгекке болгон кызыгуу артууда.1993(жылдын 19-апрелинен облус эркин экономикалык аймак аталып,анын жалпы жобосу кабыл алынган. Торугарт аркылуу Кытайга жол ачылышы да облус үчүн зор мааниге ээ болду.

## ЭКОНОМИКАСЫ.

Кыргыз Республикасынын курамында Нарын облусу 1991-жылдан тартып, комплекстүү экономикалык кайра куруу программасын ишке ашырууга киришти.1992-жылы көпчүлүк баа эркин коё берилди. 1993-жылдын май айынан тартып облус улуттук жаңы акчаны - сомду пайдаланат жана ушул эле жылдан баштап Кыргыз республикасынын жаңы Конституциясынын негизинде иштейт.

## ӨНӨР-ЖАЙЫ.

Нарын облусунда кыйла табигый экономикалык жана эмгек ресурстары бар. Мында көмүр менен электр энергетикасынын, курулуш материалдарынын, түстүү металдын (алюминий сырьесу, вольфрам, полиметалл) туздун кыйла запастары жайгашкан.

Облуста бир катар өнөр жай ишканалары: Атбашы ГЭСи, «Дан-Азык» мамлекеттик акционердик коому, «Арашан» акционердик коому, «Башат» акционердик кому (кийим тигүү фабрикасы).

Электр энергетикасы облустук өнөр жай продукциясынын 26,0 % берет .

1950-жылдардын аягы 1960-жылдардын башында облуста 515 гидрокурулмалар курулган. Айылдарды электрлештирүү тез өнүккөн. Облустук баардык райондору мамлекеттик бириктирүү энергосистемага бириктирилген. Облустун азыркы электр энергетика ишканаларынын эң ирилери: Мин-Куш жылуулук электр борбору (ЖЭБ) жана Атбашы ГЭСи (350 квт). Бул электр ишканалары Мин-Куш шаарчасын, Ички Теңир Тоонун бир катар райондорун электр энергиясы менен камсыз кылат.

## ОТУН ӨНӨР ЖАЙЫ.

Отун өнөр жайы облустун өнөр жай продукциясынын 7,0% ин берет. Ал көмүрдүн бай запастарынан: Кабак күрөң көмүр бассейининин (Кара-Кече, Мин-Куш, Кок-Мойнок, Кашка-Суу ж.б. кендери) Алабуга Чатыр-Көл көмүрлүү райондорунун (Ак-Сай, Турук, Торугарт ж.б. кендери) негизинде өнүгөт. Облуста акыркы жылдары чакан өндүрүштөр өнүгө баштап,айылдарда чакан наабайканалар, чакан тегирмен алкоголдук ичимдиктердин чакан ишканалары пайда болду.

Нарын экономикалык эркин зонасы 1991-жылы 20-апрелде КР Жогорку Кенешинин чечими менен түзүлгөн. Ал өзүнчө Нарын, Акталаа, Атбашы, Жумгал, Кочкор, Нарын районунун камтыйт. Бүгүнкү күндө 61 субьект: 30 өндүрүштүк, 4 курулуш, 9 туристтик, 15 экспорт-импорт иштери боюнча иштеген ж.б. ишканалары.

«Нарын» эркин экономикалык аймагынын дирекциясына баш кошуп иш алып барышууда. Облус боюнча 600дон ашык орто жана чакан бизнес багытында иштеген ишканалар бар. Эркин экономикалык аймактын ар түрдүү тармакты камтыган субьетилери жумуш орундары менен камсыздап турушат. Жумуш орундарынын 90% жергиликтүү калк, 10%ин кошуна облустардын эли жана чет элдиктер түзөт.

## АЙЫЛ -ЧАРБАСЫ.

Нарын облусу айыл чарбалуу район болуп эсептелет. Облустун айыл чарбасы кыйла татаал тоолуу табигый климаттык шартка жараша өнүктүрүлүп, көп жылдар бою ошол табигый ресурстарды рационалдуу пайдаланууга жараша адистештирилип келген.

Рынок экономикасынын шартына ылайык азык-түлүк менен өзүн өзү камсыз кылуу максатында мында кийинки жылдары буудай, картошка, жашылча, май өсүмдүктөрү ж.б. көбүрөөк эгиле баштады. Мындагы колхоз, совхоздордун базасында жеке дыйкан жана дыйкан (фермер) чарбалары уюштурулду. Айдоо жеринин дээрлик көпчүлүгү дарыя өрөөндөрүндө,Кочкор, Чаек, Куланак, Атбашы, Баетов айылдарынын айланаларында дениз денгээлинен 2000-2200 м. бийиктикте жайгашкан. Картошка, жашылчалык кийинки мезгилде облустун айыл чарбасына кыйла өнүгүп жаткан тармагы. Облус картошканы республикадан сырткары да чыгарат. Облуста күздүк жана жаздык буудай, жаздык арпа, сулуу, баардык жерде кара беде эгилет.

Нарын облусунда жүргүзүлгөн жер жана агрардык реформада 69 колхоз-совхоз, айыл чарбасын тейлөөчү 18 ишкана мамлекеттик менчиктен ажыратылып,дыйкан (фермердик) жеке менчик чарбаларга, айыл чарба кооперативдерине кайра түзүлдү. Азыркы учурда 36538 дыйкан (фермер) 3,2 үрөнчүлүк, 4 асыл тукум чарбалары, 171 айыл чарба кооперативдери ишмердүүлүк жүргүзүүдө. Реформаланган чарбалардан 35,0 үй бүлө мүлк үлүштөрүн алып 93,5 мин га. жер үлүшкө берилди. Облуста кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлери (КБФ) 27080 га. түзөт.2003-жылда 142075 га. жер арендага, 3064,4 мин сомго берилген.

Агрардык сектордо кооперацияны өнүктүрүү иштери улантылууда. 2003-жылда Кочкор районунун Кум-дөбө айылында «Нуркулмай», Акталаа районунун Ак-тал айылында «Жактар» айыл чарба продкукциясын өнүктүрүү, сатып өнүктүрүү кооперативи Жумгал районунун Чаек айылында, Жумгал айылсуу, «Атбашы районунун, Атбашы айылында «Атбашы Айыл-суу» дыйкан фермер кызмат көрсөтүү коопернативи түзүлүп каттоодон өткөрүлдү.

2003-жылда жакшы ийгиликтерге жетишкен айрым дыйкан (фермердик) чарбаларды, кооперативдерди белгилесек болот.

Атбашы районунан «Кален Ата» дыйкан чарбасы, «Чолок Туума» д.чарбасы. Дыйкан чарба кийинки жылдарда асыл тукум «Кыргыз жарым уян жүн» пародасындагы кой өстүрүп жана үрөн чарбасы боюнча багытта иш алып барышууда. Австралиядан алынып келинген 6 кочкор менен 100 баш койду аргындаштыруудан 1500 баш койго чейин жеткирген.

Мындай чарбалардын катарына Нарын районунан «ТенирТоо», «Ажымудун» дыйкан чарбаларын, Акталаа районунан «Жунус» дыйкан чарбасы, «Чоногор» кооперативин, Жумгал районунан «Чолок-Терек», «Пионер-Бар» чарбаларын кошсок болот.

Реформанын натыйжасында дыйкан (фермер), жеке менчик чарбалар мурдагыдай «Өкмот келип жардам берет» деген түшүнүктөн алыстап мүмкүнчүлүктөрүнө жараша чабачылыкты жылдан жылга жакшыртуу, рынокто өтүмдүү, пайдалуу айыл чарба продукцияларын өндүрүү иштерин колго ала баштады.

Токой чарбасы облустун аймагында токой дарагынын ар кандай түрлөрү өсөт. Негизги токойду түзүүчү дарак-Тенир Тоо карагайы. Токой негизинен топуракты эрозияга учуратпоо, ным топтоо ж.б. милдетин аткарат. Токой эсебин алуу, өстүрүү, өрттөн, зыянкеч менен илдеттен сактоо, токой дарагын пайдаланууну жөнгө салуу иштерин Жумгал, Нарын, Кочкор механикалаштырылган токой чарбалары жүргүзөт. Облуста токой 82756 га аянтты ээлейт.

Республикабыздын табигый жактан бирине-бири окшобогон биологиялык көп түрдүүлүктү камтыган өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын бири Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу. Ал 21016 га. аянтты тузуп, облусубуздун 4 райондору менен аймакташ жайгашкан. Өзүнчө өзгөчөлүккө, экологиялык мааниге ээ. Корук негизи 3 участоктон турат. Каратал-Ачаташ, Сөн-Көл, Чатыр-Көл корук участоктору. Корукта үч бөлүм: илим бөлүмү, көзөмөлдөө жана калыбына келтирүү бөлүмү, көмөкчү чарбасы иш алып барууда. Илим бөлүмүндө 6 кызматкер жетектешип, учурда коруктун бардык чөйрөлөрүнө байкоо жүргүзүү, изилдөө, маниторинг иштери аткарылып жатат. Анда Кызыл китепке кирген жапайы жаныбарлардын 10 түрү, жалпы сүт эмүүчүлөрдүн 35 түрү, канаттуулардын 150 түрү бар экендиги такталып, өсүмдүктөрдүн 400го жакын түрү,анын ичинен дары-дармек касиети бар өсүмдүктөрдүн 50гө жакын түрү өсө тургандыгы изилделүүдө.

Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу Сон-Көл, Чатыр-Көл коругу, Сон-Көл шаркыратмасы облусубуздагы бирден-бир ажайыптуу туристтик маршруттардан болуп калды. Жыл сайын чет элдик туристтерди кабыл алуу, тейлөө, кызмат көрсөтүү жана улуттук каада-салт, үрп-адаттарыбызды тааныштыруу боюнча иш аракеттер уюштурулуп, үзүрүн берүүдө.

## ТРАНСПОРТ.

Нарын шаарынын облустук негизги жол тоому катары облустун райондорун бирдиктүү эл чарба комплекстерине бириктирип, Кыгызстандын башка аймактары, ири өнөр жайлуу борборлору менен байланыштырып турат. Автомобиль транспорту жүргүнчү жана жүк ташууда башкы ролду ойнойт. Эн ири автомобиль жолдору: Республикалык маанидеги Нарын-Балыкчы, эл аралык Нарын-Торугарт-Кашкар (Кытай Эл Республикасы). Туруктуу автобус катнашы Нарын шаарын облустун райондорунун борборлору менен байланыштырып турат. Шаар айланасына жана шаарда жүргүнчүлөрдү автобус, троллейбус жана таксилер ташыйт.

Жүк автомобиль транспорту жүктүн дээрлик баардык түрүн айрыкча курулуш материалдарды, күйүүчү-майлоочу май, жер семирткич, азык-түлүктөрдү жана башкаларын ташыйт Жүк ташууну жеке менчик, арендалык жүк автомобилдери ишке ашырат.

## КОММУНАЛДЫК ТУРАК-ЖАЙ ЧАРБАСЫ.

Облустун коммуналдык турак-жай чарбасы турак-жай фондусун, суу менен камсыз кылууну, жылуулук менен камсыз кылууну, каналдаштырууну шаар менен кыштактардын жашылдандыррууну калктуу пункттарды санитариялык жактан тазалоону ж.б. кызматтарын камтыйт.

1993-жылдан райондук борбордук жылуулук энергия башкармалыгынан бөлүнүп өз алдынча иштейт. Ишканадагы 15 от казандын отун электр энергия, беши көмүр менен жылытылат.

Суу менен камсыз кылуу. Облуста алгылыктуу суу түтүктөрү 1955-60 жылдары гана курула баштаган. 1997-жылы Нарын шаарынын суу түтүктөрүнүн узундугу 71,3 км. жеткен. Ал түтүктөр Ак-Бечел суу коругунан жана 5 бургулоо көзөнөгүнөн суткасына 15,6 мин м. куб. суу алат. Нарын суу канал ишканасы Нарын шаарынын калкын, мекеме-ишканаларын жылына 2000 м.куб таза суу менен камсыз кылат. Облустун айыл кыштактарында да суу түтүктөрү курулуп, ичүүчү таза суу менен камсыз болгон.

## ЭЛЕКТР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ.

Нарын электр тармактар ишканасынын базасы Нарын шаарында жайгашкан.

Ал райондук электр тармактарын камтыйт. Тейлөө радиусу 260-330 км. Баардык көмөк станциялардын электр берүү линиялары менен Ат-Башы ГЭСинин (кубаттуулугу 40 мин квт.-с) иш ыргагын ишкананын оперативдүү-диспетчердик кызматы көзөмөлдөйт. 1991-жылы Нарын электр тармактарында автоматтык башкаруу системасы киргизилген.

## ЖАШЫЛДАНДЫРУУ.

Шаарда жалпы аянты 33га 4 саябак: «Жениш» саябагы (22га), «Алма- Бак» саябагы (2га) , «Нарын шаарынын 70 жылдыгы» саябагы (6,5га) бар. Бул саябактарга 7000 түп терек, 400 түп карагай,170 түп кызыл карагай, 3200 түп кайын,1500 түп кара жыгач, 3000 түп тал отургузулган. 5 га гүл бакча, 2 га гүлбакча, 1 га гүлзар бар. Баардык ири айыл кыштактарда жашыл бак тилкелер бар.

## МАДАНИЙ ТУРМУШ.

Билим берүү облуста мектепке чейинки тарбия негизинен 1940-жылдан баштап өнүгө баштаган. Азыркы мезгилде мектепке чейинки балдар мекемелеринин кенири тармагы түзүлгөн.

Областа 27 бала бакча иштейт. Жалпы билим берүүчү мектептер 140 анын ичинен 3 толук эмес орто, облустук мектеп лицей интернаты, кыргыз-түрк лицейи. Нарын райондук балдардын көркөм өнөр мектебинде баян, аккардеон бөлүмү, кыргыз эл аспаптар бөлүмү, көркөм сүрөт бөлүмү, театр бөлүмү, хореография бөлүмү иштейт. Облуста 6 спорт мектеби бар.

Атайын орто билим берүү башталгыч класстардын мугалимдери Нарын педогогикалык, орто билимдүү айыл чарба адистерин айыл чарба техникуму даярдайт. Фельдшер, акушер ж.б. орто билимдүү медициналык адистерди Нарын медициналык окуу жайы даярдайт.

Жогорку билим берүү областа 1 жогорку окуу жайы - Нарын мамлекеттик университети иштейт. Университет Ички Тениртоо аймагында ири окуу жайы жана илимий - маданий борбор. Студенттердин илим-билим дайрасына терен сүнгүп кирүүлөрүндө университеттин профессордук жана окутуучулар тутуму лекция, практикалык окууларды өтүүдө.Билим берүүнүн алдынкы ыкмаларын активдүү киргизишип, мында компьютердик, аудио-видео ж.б. техникаларды кенири пайдаланышат.

Облуста 1997- жылы «Мээрим» жаралып билим берүү борбору ачылган. Нарында 1997-жылы Жумгал, Кочкор районунда 2000-жылы, Ак-Талаа районунда 2001-жылы, Атбашы районунда 2002-жылы ачылган. Борбордо шаардагы мектептерден 1031 бала тартылган. 20 багыттагы 24 ийрим ачылган. Мындан 6 ийрим жаны уюшулду. Алар — бий, фольклор, вокал, комуз, драма, айкелчилик ийримдери, 7 класстык бөлмө, 1 жыйын, 1 усулдук зал бар. Алар балдарды методикалык, эстетикалык ж.б. жактардан тарбиялоого ылайыкташылган. Ошондой эле компьютердик класс, 2 телевизор, 1 видеомагнитафон, 2 пионино жана башка улуттук аспаптар бар.

Бардык райондордо балдардын билим берүү борборлору ачылып, ар бирине 10 дон компьютер берилген.

## МЕЗГИЛДҮҮ БАСМА СӨЗ, РАДИО УКТУРУУ ЖАНА ТЕЛЕ КӨРСӨТҮҮ.

1991-жылы Нарын облусу кайрадан уюштурулганына байланыштуу ошол жылдан баштап «Тениртоо» облустук коомдук-саясий гезити жумасына 2 жолу чыгат. Азыркы кезде ар бир райондун мамлекеттик администрациялары менен райондук эл депутаттар кенештери ээлик кылуучу райондук гезиттер чыгарылат. Облустун калкы республикалык жана чет элдик гезит-журналдарды да алышат. Радио уктуруу жана теле көрсөтүү. 1991-жылдын 15-апрелинде Нарын облустук теле көрсөтүү жана

радио уктуруу компаниясы болуп уюшулуп, эркин экономикалык аймактын статусун алган облустун социалдык-экономикалык, маданий өнүгүшүнүн урунттуу маселелерин чагылдырууда. Нарын радиосу жумасына 3 жолу эфирге чыгат. «Тенир Обо», «Үркөр», « Коломто», «Көпүрө», «Ички дүйнө жанырыгы» беруүлөрун калайык калктын катмарына жеткирүүдө.

Облустун «Нарын-ТВ» телестудиясы 1993-жылдын 1-февралынан баштап иштөөдө. 1997-жылы облустук телеборбор болуп кайрадан уюштурулуп, кошумча штаттар ачылган. Жумасына 1 жолу 4-5 сааттык көрсөтүүлөрдү уюштурат. Жума ичиндеги жанылыктарды, ар бир тармак боюнча атайын рубрика менен аналитикалык кабарларды, кызыктуу көрсөтүүлорду берип турат.

1996-жылдан «Аян» эркин телестудиясы иштейт. Телекөрсөтүү Ала-Мышык тоосундагы радио-релелик станция аркылуу ишке ашырылат. 2002-жылы тоолу жергебизде көз каранды эмес «Алмаз» радиостанциясы уюнулду 24 саат бою ФМ 105,5 толкунунда эфирге чыгып турат. «Азаттык», «Америка үнү» радиостанциялары менен өнөктөшүп иштейт. «Жаштык» программалары менен катар «Биринчи байлык-ден соолук», «Врлонтерлук шаан», «Баястан», «Баястан» деген Уктуруулары бар. Нарын музыкалык драма театры менен тыгыз байланышта чыгармачыл жаштардын бейнесин ачып берүүдө.

2003-жылы көз карандысыз «Шанкай» телекөрсөтүүсү ачылды. «Шанкай» Балыкчы релейкалык магистралы аркылуу ар жуманын шейшембисинде КТР каналы аркылуу эртен мененки 9-30дан 12-00 гө чейин эфирге чыгат.

## АДАБИЯТЫ.

Нечендеген кылымдардан бери кыргыз журтчулугуна мүнөздүү болуп келген бай оозеки чыгармачылыкка Нарын тараптагы кыргыздардын дагы кошкон салымы бараандуу. Кыргыз адабиятынын туу чокусу болгон «Манас» эпосу жөнүндө сөз болгондо бекер жеринен М.Ауэзов баш болгон бир катар окумуштуулар манасчылардын бир канча мектеби бар экендигине токтолушкан. Буга мисал манасчылардын «Нарындык мектебинен» белгилүү өкүлдөрү Тыныбек Жапый уулу, Шапак Рысмендиев, Сагымбай Орозбак уулу, Тоголок Молдо, Жаныбек Кожеков, Багыш Сыдыков, Молдобасан Мусулманкулов, Дункана Кочукеевалар көп салым киргизишкен.

Нарын аймагындагылардын оозеки чыгармачылыгында «Замана» агымы күчтүү өнүгүп 19-кылымдын 2-жарымында ал аймакта жашашкан Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу жана Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармачылыгынан ачык көрүнөт.

Кыргызстандын белгилүү акыны жана обончусу Боогачы Жакыпбек уулу менен Казыбек Мамбетимин уулунун чыгармачылыгынын да кыргыз адабиятына кошкон салымы бар. Кыргыз оозеки чыгармаларын жыйноодо да чон эмгек сиңирген А.Тыныбеков, А.Жутакеев, Т.Боогачиев, өзгөчө Калык Акиевдин чыгармалары акындар поэзиясында татыктуу орунга ээ.

Талантуу сатирик акын жана драматург Мидин Алыбаевдин чыгармачылыгындагы 1937-жылдары жарык көргөн «Бактылуу жаштык» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы менен башталат.

Ж.Бейшеналиев, С.Өмүрбаев, К.Осмоналиевдер кыргыз прозасында ийгиликтүү эмгектеништи. Н.Жүндүбаева, М.Акимкожоев, Ж.Тынымсеитова, И.Исакова, Э.Ибраев, А.Жакшылыков, К.Жусупов, К.Мамбетакунов, Б.Өмүралиев, Д.Казакбаев ж.б. адабият таануу жана адабий сында эмгектенишип, адабий процесске жандуу катышып келишти. Кийинки мезгилде адабиятка Ш. Дүйшеев, А.Токтомушев, Ч.Өмүралиев, Ж.Кулманбетов, Б.Усубалиев, Ж.Зарлыкбеков, А.Темирова, Д.Станов, Э. Өскөналиев сыяктуу жана башка көптөгөн таланттар келип кошулду.

## МУЗЫКА.

Нарын облусунун аймагы байыртадан бери элеэлдик музыканын көп түрдүү жанрларына, таланттуу өнөрпоздорго бай болгон. Элдик музыканын башаты болгон Манас айтуучулук мында кенири кенири өнүккөн. Манасчылардын алпы аталган Сагынбай Орозбак уулу (1867-1930) «Манасты», «Семетейди», «Сейтекти» өздөрүнө мүнөздүү шайыр ж.б. обондордо айтып өткөн.

Нарын тарапта комузчулук өнөр да өтө күчтүү өнүккөн. Аймактан чыккан чон комузчулар Музооке Жаманкара уулу (1802-1878), Сейилкан, Майлыбай Бөкө уулу (1865-1952), Актан Тыныбек уулу, Калык Акы уулу, Асанбек Кыдырназаров ж.б. болушкан. Калк арасында сейректеп бараткан байыркы кыл кыякты калк арасына жайылтууда Иманкул Мырза уулу (1889-1979) өзгөчө эмгек синирди.

Нарындын айланасынан чыккан обончулардын аксакалы Боогачы Жакыпбек уулу (1886-1935) болгон. Элдик аваздык музыканы ар тараптан байытууда атактуу обончу, ырчы акын, кыякчы аткаруучу Муса Баетов (1902-1949) да зор салымын кошкон. Нарындык обончулардын ичинен республиканын маданиятына эмгек сиңирген ишмерлери: К.Тагаев, К.Эралиева, Э.Мааданбековдор ар кыл темадагы ондогон обондорду жаратышты. Республиканын Эл артистери Асек Жумабаев, Мыскал Өмүркановалар элдик ырларды ырдоого жаңылык киргизүүгө умтулушту. Атактуу артистер: А.Куттубаева, С.Андабеков, К.Карасартова, Т.Жумакаева, С.Чечейбаева, Т.Турсунбаевалар сахнада ондогон ролдорду жаратуу менен катар обончулардын, композиторлордун түркүн мазмуундагы ырларын аткарышып, угуучулардын урматына ээ болушту.

Кыргыздын профессионалдык музыкасынын калыптанышына, өнүгүшүнө, бийиктикке көтөрүлүшүнө композиторлор: К.Молдобасанов, А.Аманбаев, С.Медетов,
М.Бегалиев, А.Мурзабаев, О.Турсуниязов, дирижер Т.Томо тоев ж.б. өзгөчө эмгек сиңиришти.

Ал эми композитор М.Бегалиевдин симфониялык, аваздык, аспаптык чыгармалары жан дүйнөдөн кайнап чыккан жандуулугу,өзгөчөлүгү менен жумурай-журттун алкоосуна татыктуу болду.

Элдик жана профессионалдык музыкабыздын ар тараптан өнүгүшүнө М.Рыскулов атындагы Нарын облусунун музакалуу драмалык театр, жаш таланттарды тарбиялаган аймактагы музыкалык мектептер да зор салымдарын кошууда.

## ЖАСАЛГА- КОЛДОНМО ӨНӨРҮ.

Көчмөн турмуш шартында жаралып, өнүгүп келген элдин көркөм кол өнөрчүлүгү Нарын тараптагы кыргыздардын бийик деңгээлге жеткен. Мындагы уз усталар, айрыкча оймочулукта (шырдак,ала кийиз) саймачылыкта (чыгдан,канат чий,эшик чий), токуучулукта, куракчылыкты, зергерчиликте, жыгаччылыкты, тери буюмдарын жасоодо мыкты үлгүлөрдү жаратышкан. Нарын чөлкөмүндө азыр дагы боз үй тигилүүдө (бөксөлөрдө,жайлоолордо ж.б.) Анын ичи-тышын жасалгалоодо салттуулук уланууда. Ат жабдыктарын жасап,жасалгалоо азыр да бар. Кыргыз жасалма-колдонмо өнөрү. өрчүтүүдө: «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин ролу чоң.

Көркөм өнөр галереясында жез оймок уздун колунан чыккан шырдак, ала кийиз, туш кийиз, түрлөп соккон чий, аяк кап, секичек өндөнгөн тансык буюмдар жаралып, ушул же галереяда уюшулган соода жайында сатылмакчы.

## ШААР КУРУУ ЖАНА АРХИТЕКТУРА.

Нарын облусунун аймагы Кыргызстандагы адам тиричилигинин іздери: таштан жасалган эмгек куралдары, турган жайлары ж.б сакталган чөлкөмдөрдүн бири. Нарын шаарына жакын жердеги Теке Секирик үңкүрү ж.б. таш доорундагы искусствонун уникалдуу эстеликтеринен болуп саналат. Коло доорунда негизги турак жайы боз үй болгон. Ички Тенир-Тоодо азыркыга чейин сакталып келген байыркы

тургун жайлардын эн ириси Шырдакбектин чеби болуп эсептелет. Кошой-Коргон шаар чалдыбары Кара-Коюн суусунун жээгине курулуп, азыркы райондордун борбору Атбашы айылынан 12 км. батыш тарапта. Өткөн замандын мыкты курулушуна орто кылымдын аягында таштан салынган сейрек учуроочу эстелик Таш-Рабат кербен сарайы мисал болот. Ал башка кербен сарайлардан өлчөмүнүн чондугу жана архитектуралык композициясынын татаалдыгы менен айырмаланат.

Шаар Нарын дарыясынын тик жардуу жээгин бойлой кууш капчыгайда 20 км. ашуун аралыкта созулуп жатат. Композициялык чордон болуп шаардын борбордук аянты эсептелет. Мында негизги администрациялык имараттар жайгашкан. Борбор аянтка улай музыкалык драма театр жана маданият үйү жайгашкан. Эки аянт тен сквер аркылуу кошулуп бирдей архитектуралык-пландоо ишин түзөт. Шаар борборунун курамында окуучулар сарайы, көркөм өнөр галареясы, маданий оюн-зоок комплекси, спорт комплекси жана анын курамына стадион, физкультура ден соолук чындоо комплекси ж.б. кирет. Нарын шаарында чыгыш архитектурасынын үлгүсү - «Азирети-Али» ири мечит курулган (1993-ж.).400дөй адам намаз окуучу жайы, медресеси, 10 кишилик жатаканасы, карып мусаапырлар эс алып, чай ичүүчү жайы ж.б. бар.

Облуста 2 шаарча жана138 айыл-кыштак бар. Алардынирилеринин бири Кочкор айылы (Кочкор районунун борбору). Анда эки өндүрүш зонага жана турак-жай районуна бөлүү каралган. Айылдын композитциялык өзөгү болгон көчөсүндө коомдук имараттар жана турак-жай үйлөр жайгашкан. Айылда чыгыш стилиндеги — Ак Мечит курулган (1997).

Чаек айылы (Жумгал р-н борбору). Турак-жайы районго жана өндүрүштүк жай склад зонасына бөлүнөт. Айылдын башкы көчөсүн бойлой айылдын коомдук борбору калыптанат. Негизинен бир кабаттуу үйлөр салынууда.

Баетов айылы (Акталаа р-н борбору). Айыл курулушунун архитектуралык жактан пландаштырылышы имарат куруунун мурда калыптанган ыкмасына карата чечилген. Администрация, маданий жайлар комплекси, аларга жакын жерде дарылоо жана спорт мекемелеи жайгашкан.

Атбашы айылы (Атбашы р-н борбору). Айылды зоналарга бөлүү кире бериш жолдогу курулуштар менен табигый-климаттык шартка жараша ишке ашырылган. Айылдын борбор бөлүгү Чатыр-Көл көчөсүн бойлой өнүгөт. Мында маданий - турмуш тиричилик жактан тейлөө мекемелери, клуб, байланыш түйүнү, дүкөн ж.б.

## САЛАМАТТЫК САКТОО.

Облуста саламаттык сактоо тез өнүгүп, бардык райондук борборлордо жакшы жабдылган, стационарлары менен амбулатория бейтапканаларында медицинанын 17-20 тармагы боюнча жардам көрсөтүүчү, медициналык тез жардам көрсөтүү бөлүмдөрү бар райондук ооруканалар пайда болгон.

«Манас» программасынын кыска мөөнөттөгү этабында (1996-1997жж.) бийик тоолу Нарын облусунун медицина мекемелеринде реформаны ишке ашырууда даярдыктарды көрүү менен артыкчылыктуу багыттарды аныктап медициналык жардамдарды ыраатташтыруу багытталган. Ал эми программанын узак мөөнөттүү этабында (2001-2006жж.) саламаттык сактооо тармагында структуралык өзгөртүүлөрдү киргизүү менен медициналык жардамдык сапатын көтөрүү каралган.

Азыр облуста, бир облустук үй-бүлөлүк медициналык борбор, беш райондук, төрт шаардык МБ, кырк беш үй- бүлөлүк дарыгерлер тобу (ГСВ) жана жетимиш эки ФАПтар калкты медициналык жактан тейлөөдө. Үй - бүлөлүк медицина борборунун жүз бир дарыгери жана жүз сексен сегиз орто медициналык кызматкерлер 2003-жылы АКГМИ тарабынан уюштурулган үй-бүлөлүк медицина курсун толук бүтүрүшүп, тиешелүү сертификаттарын алышты.

Бүгүнкү күндө медициналык реформанын түзүлүшүнө чет өлкөлүк донорлордун жардамы көп тийүүдө. Кыргыз — Швецариялык проект боюнча

Атбашы, Акталаа, Кочкор райондорунун ооруканалары ремонттон өткөрүлүп Жумгалдыкы бүткөрүлүүнүн алдында турат.

Төрөт үйүнүн дарыгерлери жакында Япония мамлекетинен алынып келинген 13 млн 200 мин япон акчасы менен бааланган медициналык аппараттар, жабдуулар менен камсыз болду. Мындай аппараттардын жардамы менен анализдер так, тез аранын ичинде аныкталып, ооруларга УЗИ, паталогияны аныктоочу аппараттан, да так диагноздор коюлат. Ал эми жаны төрөлгөн наристелердин өтө чон салмакта же салмагы жетишпей төрөлгөндөрү да атайын инкубатторлорго жайгаштырылат.

Облуста СПИДге каршы күрөшүүдө,алдын ала иштер жүргүзүлүүдө. Облустун мамлекеттик администрациянын алдында атайын көп секторлуу координациялык комитет түзүлгөн. Ар бир райондо атайын түзүлгөн программанын алкагында иштер аткарылууда. Бул иштерге медиктер да активдуу катышып, облустук бириккен оорукананын жетекчисинин буйругу менен атайын иш чаралар: семинарлар, мониторинг, лекциялар өткөрүлүп, анкета толтурулуп, опрос жүргүзүлүүдө.

## ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ.

Нарын облусунун дене тарбия жана спорт тармагында облустун калкынын сергек жашоо турмушун жакшыртуу, ден - соолугун чыңдоо, жаш муундар арасында дене тарбиясынын жана спорттун маанисин жогорулатуу багытында бир катар алгылыктуу иштер аткарылып келет. Облуста: футбол, тогуз коргоол, ат спорту кенири өнүккөн. Облус тоолу болгондуктан лыжа спорту да өнүккөн. Облустун аймагында 2 стадион,54 спорт залы жана 500 дөй спорт аянтчалары бар. Облустагы дене тарбия жана спорт иштерин облустук туризм жана спорт башкармасы тейлейт.

Республикага жыл сайын өткөрүлүп жаткан спартакиада, чемпионат, биримчилик жана турнирлерде облусубуздун күчтүү спортчулары катышуу менен байгелүү орундарга ээ болуп, намыс талашууда. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 12 жыл аралыгында спортчулар дүйнөлүк, Азиялык чемпионаттарга, Олимпиадалык, Азиялык оюндарга спорттун бир катар түрлөрү боюнча командалары менен катышууга укук алгандан баштап, биздин тоолуу облусубуздан өсүп чыккан жердештерибиз эркин күрөш боюнча спорттун эл аралык класстагы чеберлери Алмаз Аскаров, Табылды уулу Сүймөнкул, Өмүракунов Болот, бокс боюнча: Кадыралиев Таалай, спорттун чебери Алканов Тилек, «Тогуз коргоол» боюнча Курмангалиев Жумамүдүн, эл аралык ар кандай денгээлдеги мелдештерде мыкты көрсөткүчтөрдү жаратып келет.

Облуста «Көк бөрү» боюнча 9 команда уюштурулган. Булардын ичинен «Дордой» командасы алдынкы катарда турат. «Намыс» командасы биринчиликти ээлеп, дайыма респбликалык мелдештерге катышып келет. Тайлак баатырдын 200, Муса Баетовдун 100 (2002-ж.) жылдыгына арналган салтанатта баардык командалар беттешип, өздөрүн көрсөтө алышты.

Нарын облустук футбол федерациясы 1999-жылы уюшулган. Ошондон бери Кыргызстандагы көп мелдештерде жакшы натыйжаларды көрсөтө алды. Алсак, 2001-жылы Кара-Балта шаарында өткөн Кыргызстан футбол федерациясынын кубогу үчүн республмкалык чемпионатта 2 байгелүү орунду ээлешти.

Нарын облустук балдар,уландар,спорт мектебинин базасында дзюдо секциясы 1998-жылы ачылган. Акыркы 5 жыл ичинде окуучулар республикалык спартакияда, чемпионат ж.б. республикалык, эл аралык турнирлерде жеткиншкендиктеди көргөзө алышты. Нарын шаарындагы дзюдо күрөшүнүн борбору № 8 А.Буйлаш уулу атындагы орто мектебинин залы. Ушул мектептин окуучулары С.Абдрахманова, Н.Асакеева, Э.Сарыгул кызы республиканын чондор, жаштар, өспүрүмдөр курама командасына мүчө, чондор арасында оор салмактагы балбандар арасында М.Ниязовдун ысымы Кыргызстанга жакшы маалымат болуп калды.

Спорттук улуттук түрлөрүн калк арасында кенири жайылтуу максатында ат спортунун түрлөрүн уюштуруу, секцияларды ачуу, аттар менен камсыз кылуу, «Көк-Бөрү» боюнча мелдештерди өткөрүүгө карата жаны эрежеге ылайык атайын

аянтчаларды куруу боюнча иш чаралар турмушка ашырылып жатат. Алсак, Атбашы айылында аянтчалар ремонттон өткөрүлүп, иш алып баруу жакшыртылган. Спорт мектебинин машыктыруучулары жана окуу жайдын дене тарбия мугалимдери оор шартка карабастан колдо болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу менен талыкпастан эмгектенип келүүдө.

## «НАМЫС» ПРОГРАММАСЫ.

«Намыс» программасы 1999-жылы кабыл алынган. Аталган программа облустун ички биримдигин мындан ары да чыңдоо, жакшы саамалыктарды жана салттарды жайылтуу, эң негизгиси облустун элинин жашоо турмушун жакшыртуу, кедейчиликтен чыгаруу максатын көздөгөн. Булар менен бирге айыл өкмөттөгү, райондогу, деги эле облустун аймагындагы ички мүмкүнчүлүкторду издеп таап, аларды калктын жыргалчылыгына пайдаланууга жетишүү болчу. Ошондой эле улуттук жана мамлекеттик программалардын толуу аймагыбызда аткарылышына жетишүү боюнча да иш чаралар иштелип чыккан.

«Намыс» программасында шыктанышкан Теңир тоолуктар 1999-жылдан ушул мезгилге чейинки бир катар жемиштүү натыйжалар менен келди. Алсак, облуста 237,8 млн.сомдук өнөр жай продукциялары чыгарылып,индикативдик план 107,6 пайызга аткарылган. Нарын экономикалык аймагы жаңы алты чакан ишкананы каттоодон өткөргөн. Кочкор райондорунда жылына 20 мин тонна күйүүчү майларды кайра иштетүүчү завод, 2,5-3 мин тонна эгинди кайра иштетүүчү ишкана пайдаланууга берилди.

«Чоң-Туз» шахтасы толук реконструкцияланып, «Кара-Кече» кесилишине «Демилге» жана «Ак-Жол» жеке менчик көмүр казуучу ишканалар ачылган.

Кылымдардын тогошуусундагы тарыхый курулуш болуп калуучу «Балыкчы-Кочкор-Кара-Кече» темир жолун курууда облустун куруучулары 7170 погондуу метр жер полотносун төшөшкөн. Нарын шаарындагы борбор аянт дээрлик 80 пайызга кайра жасалгаланган.

Калкты иш менең камсыз кылуу башкармасынын долбоору «Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан жактырууга ээ болуп натыйжада, нарын районундагы Алыш жана алыскы Лахол айылдарында суу түтүктөрү ишке берилген.

«Намыс» программасынын негизги ийгилиги саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагында ачык-айкын көрүндү. Түптүү журт көтөрүлүп «Ашар» жолу аркылуу оорканаларды, айылдык амбулаторияларды, акушердик пункттарды, мектептерди курууда жана капиталдык ремонттон өткөрүүдө тоолуктардын бирдиктүүлүгүн, ынтымактуулугун айгинелешти. Атбашы районунан Казыбек айылдык ооруканасы, райондук оорукананын дарылоо бөлүмү, Акталаа районунан Конорчок, Куртка, СВАлары, Кочкор районунан райондук оорукананын гинекология бөлүмү, Оро-Башы, Молдо Кылыч ФАПтары, Нарын районунан Казан-Куйган айылдык ооруканасы, Ак-Кудук ФАПы, Жумгал районунан райондук оорукананын хирургия жана төрөт бөлүмдөрү, Атбашы районунан Баш-Кайыңды айылындагы 240, Нарын районунан Кайыңды айылындагы 180 орунду мектептер жана Нарын шаарындагы № 10 Жапар Чолпонбаев атындагы, Жумгал районундагы К.Акиев, Ж.Турусбеков атындагы мектептердин кошумча окуу корпустары «Ашар» жолу менен курулуп жаңыланды. Нарын медициналык окуу жайы «Сорос-Кыргызстан» фондусунун ишенимине артып, 7 мин америкалык доллар өлчөмүндө аудио-видео техникаларга, 5 мин сомдук медициналык китептерге эгедер болушту.

Губернатор Аскар Салымбековдун түздөн-түз кийлигишүүсү жана кызыгуусу аркасында спорттун түрлөрү боюнча федерациялар уюштурулуп, фудбол боюнча облустун чемпионаттары өткөрүлдү. «Көк-Бөрү» оюну облуста болуп көрбөгөндөй кеңири таанылууга татып, Нарын шаарында атайын
Оюн өтүүчү аянт курулду. «Намыстуу педогог», «Кана эмесе жаштар» сыяктуу кароолор жаштардын активдуулугун жогорулатууга, алга умтулуусуна, айыл

маданиятын көтөрүүгө аз да болсо салым кошту. «Намыс» программасынын алкагында
жылына жайынтыкталып, КР Ардак грамотасы Нарын облусунун сыйлыктары жана төмөндөгү наминациялар боюнча «Мыкты район», «Мыкты райондук Кенеш», «Жылдын мыкты акими», Мыкты айыл өкмөтү», «Мыкты жаштар уюму», «Мыкты профсоюз уюму», «Мыкты депутат», «Алдынкы өкмөттүк эмес уюму», «Мыкты аялзат борбору», «Алдынкы аксакалдар соту», «Мыкты журналист», «Алдынкы шахтер», Алдынкы электриктер», «Мыкты байланыш кызматкери», «Алдынкы өнөр жай ишканасына», «Алдынкы жол, транспорт мекемеси», «Мыкты айыл чарба ишканасы», «Мыкты фермер чарбасы», «мыкты финансистер», «Жылдын мыкты ишкерлери», «Намыстуу жоокерлер», «Намыстуу атуулдар», «Мыкты табышкер», «Жылдын мыкты дарыгери», «Жылдын мыкты спортсмени», «Жылдын мыкты машыктыруучулары», «Алдынкы мектеп», «Намыстуу окуучу», «Чыгармачыл мугалим», «Мыкты илимий кызматкер», «Намыстуу студент», «Мыкты искусство чебери», «Мыкты айылдык кенеш», «Алдынкы өнөр жай ишканасы», «Мыкты жамаатык уюму», «Мыкты архитектор», «Мыкты токой кызматкери», «Намыстуу үй бүлө», «Алдынкы чек ара заставасы», «Мыкты маданий кызматкер», «Алдынкы китепана», «Алдынкы социалдык кызматкер», «Мыкты маданият мекемеси», «Мыкты балдар эс алуу жайы» деген сыйлык ээлерине берилип турулууда.

## ТЕНИР ТООЛУКТАР ТОО ЖЫЛЫНДА.

2002- жылы Бүткүл дүйнөнүн тархы наамасында Эл аралык тоо жылы катарында кала берет. КР Президенти Аскар Акаевдин демилгеси жана Крнын сунушу менен Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 130дан ашык мамлекеттердин колдоосунун негизинде атайын чечим кабыл алуу менен 2002-жылды Эл аралык тоо жылы деп жарыялашы Кыргыз мамлекетине жана анын тунгуч президентине көрсөтүлгөн зор сый урмат болуп эсептелишет.

Тоо жылы Европанын, Латын, Американын жана Туштук Чыгыш Азиянын, Африканын бир катар өлкөлөрүндө зор салтанат менен белгиленишинин өзүндө, өзүнүн татыктуу салымы бар экендигине КР сы сыймыктанып койсо болот. Бишкек Глобалдуу Тоо саммити менен эл аралык Тоо декларациясы боюнча БУУнун Генералдык Ассамблеясында атайын резолюция кабыл алынышы эгемен мамлекетибизге эбегейсиз атак аброй алып келгендиги да тарыхтын алтын барактарында кала берди.

Эл Аралык Тоо жылынын бет ачаарында сүйлөгөн сөзүндө КР Президенти Аскар Акаев таасын белгилегендей: «Кыргыздар үчүн тоолор ыйык, бараандуу түшүнүк. Себеби, биздин тоолор сөздүн түз маанисинде айтканда, биздин улуттук тарыхыбыздын бир бөлүгү, болгондо да анын эн ажырагыс бөлүгү. Биздин туулган жерибизде-Алтай тоолорунун арасында жана ыйык Энесайдын жээгинде, Улуу Ала Тоо менен Тянь-Шандын этегинде, Ала тоо кыркаларынын арасында жана дүйнөнүн чокусу Памирди биздин ата бабалар тоолорго сыйынышып, дайыма тоолорго ашыгышкан, кандай гана кырдаалда болбосун эч качан тоолорду таштакан эмес».

Тоо жылы тенир тоо аймагындагы калайык калкка, жашоо турмушка тоодой максаттарды, үмүттөрдү, күрдөөлдүү эмгектер
Менен түйшүктөрдү, аппак дил, пейилдерди ыроолоодо. Кийинки жылдарда салт болуп калган кыргыз элинин намыстуулук идеясын жетекчиликке алып, облусубуздун калкынын социалдык-маданий абалын жакшыртуу, элди ынтымакка, биримдикке баш коштуруу менен жакырчылыкты жоюуга багытталган «Намыс» программасынын төртүнчү жолку Тоолор жылындагы жыйынтыгына арналган салтанатта айтылгандай Тенир Тоолуктар тоо жылын бул жылды мүнөздүү аракет арышы менен узатышты. Өнөр жайында сезилээрлик өсүш болду, эл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү баардык түрү боюнча жогорулды. Электр энергиясын өндүрүү 112, көмүр казып алуу 105 пайызга аткарылды. Айыл чарбасынын натыйжалуулугу артты, өзгөчө дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү мурдагы жылга караганда 106 пайызга өстү. «Ашар»

кыймылы жайылтылып, жалпы көлөмү 8,5 млн. сомдук жумуштар аткарылды. Элге билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият тармактарды жаңы нукта.

Теңир Тоо калкы тоо жылында рухий, тарыхый дөөлөттөрдү астейдил аздектей тургандыктарын жумурай журтка айгинелей алышты. Жыл ичинде калайык калктын демилгеси жана колдоосу менен өткөрүлгөн «Жүрөгүм менин тоолордо» телемарафону, Тайлак Баатырдын 200 жана «Тоо булбулу» Муса Баетовдун 100 жылдык маарекелери, «Жаш таланттар-2002» республикалык фестивалы, Бишкек калаасында Ормон хандын эстелигинин тургузулушу ж.б. орунтту учурлар буга ачык айкын далил болуп бере алат.

Эл аралык Тоо жылын тоодой намыс менен узатышкан. Теңир Тоолуктар XX1 кылымдын алгачкы учурларынын бир учуру болгон кой жылында кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын белгилөөгө белсенип, жашоого, келечекке зиректик менен умтулушууда.

Нарын облустук мамлекеттик администрациянын губернатору Салымбеков Аскар Мааткабыловичтин демилгеси менен уюштурулуп өлкөбүздүн ордо калаасы Бишкекте өткөрүлгөн «Жүрөгүм менин тоолордо» телемарафону Тоо жылынын баардык иш чараларынын башаты катарында бааланат.

А.М. Салымбеков тоолуктардын Тоолор жылындагы тоолор бийик максаттарын айтуу менен марафон расмисин облустук мамлекеттик администрациясынын атынан 500 миң сом жана үй-бүлөсүнүн атынан 15 миң сом кошумча баштагандан кийин казынага каражатар түшкөн.

Марафондо Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев 100 миң, Өкмөттөн берилген 100 миң сом болсо, Жогорку Кеңеш Мыйзам чыгаруучу жана Эл өкүлдөр жыйынынын депутаттары, баардык облустардын өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттар конгрессинин жетекчилиги, илим, билим жана маданият, юстиция, экология жана өзгөчө кырдаалдар, тышкы иштер, экономика министрликтеринин, башкы прокуратуранын, мамлекеттик каттоо, спорт, турмуш жана башка тармактардан каражаттар түштү.

Көп тармактуу «Дордой» ассоциациясынын, «Кумтөр Оперейтинг компани», «Улар», «Алтын Тамыр», «Бешсары» сыяктуу фирмалардын жамааттары, Нарындык ондогон ишкерлер, деги эле Теңир тоо койнунан өсүп өнүшкөн инсандар бул элдик шаарга кайдыгер карашканы жок.

Өз өнөрүн тартуулап, марафондун жүрүшүнө талант кудурети менен көмөк көрсөтүп турушкан теңир тоолуктар өнөрпоздордун да салымдары эсте каларлык.

Марафон максатына жетип, эли-журтубуз ынтымакка, биримдикке, кең пейилдүүлүккө ык алыша тургандыгы айгинеленди.

Ал эми фондго түшкөн акча каражаты өзгөчө айыл калкынын жакырчылыгын басандатууга басым жасалып облустун социалдык коргоо мекемелери тарабынан фонддун эсебинен үрөн, күйүүчү майлар, микрокредиттер муктаж болгон дыйкандар менен чакан ишкерлерге таратылып берилди.

**«Жаш таланттар -2002» фестивалы ТеңирТоо ордосунда.**

«Мээрим Эл аралык кайрымдуулук фондунун » салт болуп калган «Жаш таланттар-2002»республикалык конкурсунун Теңиртоо жерегесинде өткөрүлүшү Тоолор жылында тоолуктарга болгон урмат катарында кабыл алынды.

«Жаш таланттар -2002» фестивалы Нарын шаарында 4-июндан 7-июлга чейин созулуп, ага Талас, Ысыккөл, Чүй, нарын облустарынын жана Бишкек шаарынан келишкен ар улуттагы, ар кыл өнөрлүү 200 дөн ашык жаш таланттар катышты. Калаанын майрамдагыдай жасалгаланып «Эркиндик» аянтында башталаган театрлаштырылган салтанат белгиленген күндөн кийин жыйынтыкталганга чейин өнөрлүүлөр өз күчтөрүн сынашты.

Ыр жана бий боюнча сынак М. Рыскулов атындагы Нарын облустук музыкалуу драма театрында жаш манасчылардын, дастанчылардын элдик музыкалык аспаптарда

кол ойноткондордун таймашы «Сонкөл» жаштар ордосунда калыстар тарабынан адилет бааларын алышты.

### Сон-Көл «Тоо майрамы»

Эл аралык тоо жылынын жана «Сон-Көл улуттук кенешинин жыйынынын алкагында толукшуган жайда кереметтүү Сонкөл жайлоосуна 300 боз үйдөн турган 5 районго тиешелүү тоо айылдары тигилип, улуттук баатыр Тайлак Баатырдын 200 жылдыгы жана ак тандай ырчы Муса Баетовдун 100 жылдык маарекелери зор салтанат менен белгиленди.

Салтанатка азис мейман катары чакырылган КР Президенти Аскар Акаев, Россия федерациясынын тунгуч Президенти Борис Никалаевич Ельцин жубайлары менен Кыргыз эл депутаттарынын, саясий партиялардын, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдардын, өлкөнүн баардык дубандарынын абройлуу өкүлдөрү тоолуктардын тоодой болгон аппак дил, ару тилек, ниет- пейилдерине күбө болушту.